КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Кыргыз Республикасында кесиптик жогорку билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө**

Кесиптик жогорку билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, кесиптик билим берүүнүн заманбап санариптик аралыктан форматын өнүктүрүү максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 10-мартындагы № 83 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызмат системасынын натыйжалуулугун жогорулатуу жана бюрократиядан арылтуу боюнча кошумча чаралар жөнүндө” Жарлыгын ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү боюнча ведомстволор аралык комиссиянын 2025-жылдын 15-апрелиндеги № 2 протоколдук чечимин эске алып, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) 2026–2027-окуу жылынан тартып орто жалпы билим берүүнүн базасында менчигинин түрүнө, ведомстволук таандыктыгына жана статусуна карабастан кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүү уюмдарына сырттан окуу формасы боюнча кабыл алуу токтотулат деп;

2) кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүү уюмдарында аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен сырттан окуу формасы боюнча адистерди даярдоого кесиптик орто жана кесиптик жогорку билим берүүнүн базасында тездетилген программалар боюнча, ошондой эле магистрлерди даярдоо программалары боюнча жол берилет деп.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

1) сырттан окуу формасынын алкагында колдонулуучу алыстан идентификациялоонун элементтерин милдеттүү түрдө пайдалануу менен заманбап аралыктан билим берүү технологияларын өнүктүрүү үчүн кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүү уюмдарында шарттарды түзүүнү камсыз кылсын;

2) алты айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин;

3) ушул Жарлыктан келип чыгуучу башка зарыл чараларды көрсүн.

3. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.Н. Жапаров**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О мерах по обеспечению качества высшего профессионального образования в Кыргызской Республике

В целях повышения качества высшего профессионального образования, развития современного цифрового дистанционного формата профессионального образования, учитывая протокольное решение от 15 апреля 2025 года № 2 межведомственной комиссии по мониторингу реализации Указа Президента Кыргызской Республики «О дополнительных мерах по повышению эффективности и дебюрократизации системы государственной службы Кыргызской Республики» от 10 марта 2025 года № 83, руководствуясь статьями 66, 71 Конституции Кыргызской Республики, **постановляю:**

1. Установить, что:

1) с 2026–2027 учебного года прием на базе среднего общего образования по заочной форме обучения в образовательные организации высшего профессионального образования независимо от формы собственности, ведомственной принадлежности и статуса прекращается;

2) подготовка специалистов в образовательных организациях высшего профессионального образования по заочной форме обучения с применением дистанционных образовательных технологий допускается по ускоренным программам на базе среднего профессионального и высшего профессионального образования, а также по программам подготовки магистров.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

2. Кабинету Министров Кыргызской Республики:

1) обеспечить создание условий в образовательных организациях высшего профессионального образования для развития современных дистанционных образовательных технологий с обязательным использованием элементов удаленной идентификации, применяемых в рамках заочной формы обучения;

2) в шестимесячный срок привести свои решения в соответствие с настоящим Указом;

3) принять иные необходимые меры, вытекающие из настоящего Указа.

3. Контроль за исполнением настоящего Указа возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

4. Настоящий Указ вступает в силу в течение десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.Н. Жапаров**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН